*Кадырова А.А.*

# XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫНДАГЫ ЖЕТИ-СУУ ОБЛАСТЫНЫН КЫРГЫЗДАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК ТУРМУШУНА ТАРЫХЫЙ МҮНӨЗДӨМӨ

*Кадырова А.А.*

# ИСТОРИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА СОЦИАЛЬНОЙ ЖИЗНИ КЫРГЫЗОВ СЕМИРЕЧЕНСКОЙ ОБЛАСТИ В КОНЦЕ XIX ВЕКА

*A.A. Kadyrova*

# HISTORICAL DESCRIPTION OF THE SOCIAL LIFE OF THE KYRGYZ IN THE SEMIRECHENSK REGION IN THE LATE XIX CENTURY

*УДК: 930.2*

*Бул макала тарыхый маселелерге арналат. Жети-Суу областынын кыргыздарынын социалдык турмушун иликтөөгө алынат. Кыргызстандын түндүк аймагындагы шаар жана шаар башкармалыгы тууралуу XIX кылымдын аягындагы тарыхый маалыматтар изилденген. Илимий макаланын актуалдуулугу орустардын кыргыз жергесине келиши менен андагы жергиликтүү эл өзгөчө тарыхый доорду башынан кечирүү менен жашоолорунда аябай чон коомдук-социалдык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Кылымдар бою көчмөн турмушта мал багып, жер иштетип жашап келген элдер жашоо-тиричилик өткөрүүнүн жаны нугун баштаган, ошол эле учурда күнүмдүк жашоолорунда туруктуу бир жерге отурукташып жашоо образына өтүп башташкан. Кыргыздардын тарыхындагы Жети-Суу областынын кыргыздарынын социалдык турмушунун кыргыздардын келечекте кыргыз мамлекеттүүлүк деңгээлге өсүп чыгышында тийгизген таасири абдан чоң.*

***Негизги сөздөр:*** *Жети-Суу областы, шаар, шаар башкармалыгы, кыргыздар, Талаа Жобосу, мамлекет, социалдык турмуш, Россия.*

*Данная статья посвящается к исторической проблематике. В статье исследуются социально-экономические отношения кыргызов в Семиренческой области. В статье раскрывается история северных кыргызов, а также даются исторические предпосылки городов и городское управление в конце XIX века. Завоевание Российской империи в Средней Азии и перенаселении русского народа в кыргызские земли последовало множество изменений в местном управлении, а также в жизнедеятельности кыргызского народа. Население Северной части Кыргызстана, первым преодолели кочевой процесс жизни и приняли укоренение и постоянное местожительство. Этот процесс перехода повлиял к появлению первых поселков и городов на современной территории Кыргызстана. С переселением русского народа на кыргызские земли, появились первые элементы развития мировой цивилизации в жизнедеятельности кыргызов, и это стало основным фундаментом в становлении и появлении независимого Кыргызстана.*

***Ключевые слова:*** *Семиреченская область, город, городское управление, кыргызы, Степное Положение, государство, социальная жизнь, Россия.*

*This article is devoted to the historical problems. The article examines the socio-economic relations of the Kyrgyz people in Semirechenskiy region. The article reveals the history of the Northern Kyrgyz, as well as the historical background of cities and urban governance at the end of the XIX century. The conquest of the Russian Empire in Central Asia and the overpopulation of the Russian people in the Kyrgyz lands was followed by many changes in local government, as well as in the life of the Kyrgyz people. The population of the Northern part of Kyrgyzstan, the first to overcome the nomadic process of life and adopted rooting and permanent residence. This process of transition influenced the emergence of the first towns and cities in the modern territory of Kyrgyzstan. With the resettlement of the Russian people to the Kyrgyz lands, the first elements of the development of world civilization appeared in the life of the Kyrgyz, and this became the main Foundation in the formation and emergence of independent Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *Semirechensk oblast, city, city administration, Kyrgyz, Steppe State, state, social life, Russia.*

Россия империясы 1721-жылы 22-октябрда (2-ноябрь) Түндүк согушунун натыйжасында, Петр I нин Бүткүл Россиянын императору титулун алган күндөн баштап империя болуп жарыяланган. Россия империясы аянты боюнча ошол учурдагы Британ жана Монгол империяларынан кийинки үчүнчү орунда турган. Курамына Прибалтика, Украина, Белоруссия, Польшанын бир бөлүгү, Бессарабия, Түндүк Кавказ кирип турган. XIX кылымдан тартып империянын курамына алардан сырткары Финляндия, Закавказье, Казахстан, Орто Азия жана Памир кирген [1, 76-б.].

Илимий макаланын актуалдуулугу орустардын кыргыз жергесине келиши менен андагы жергиликтүү эл өзгөчө тарыхый доорду башынан кечирүү менен жашоолорунда аябай чон коомдук-социалдык өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Кылымдар бою көчмөн турмушта мал багып, жер иштетип жашап келген элдер жашоо-тиричилик өткөрүүнүн жаны нугун башташкан, ошол эле учурда күнүмдүк жашоолорунда туруктуу бир жерге отурукташып жашоо образына өтүп

башташкан.Россия империясына кошулганга чейин Орто Азияда шаарлар болгон эмес, орус мыйзамдарындагы түшүнүктөр боюнча жашоочулардын укуктары жагынан, башкаруу жагынан кыштактардан айырмаланбаган, өзүнүн кеңдиги боюнча мечиттерге, мектептер жана базарларга бөлүнгөн жергиликтүү шаарлар болгон [2, 110-б.].

Кыргызстанды толук каратып алгандан кийин 1865-жылы Россиянын курамындагы Түркстан областы түзүлүп, генерал-губернатор болуп М.Г. Черняев келген. Ошол күндөн тартып, империя Кыргызстандын аймагына өзүнүн башкаруу системасын киргизген жана толу түрдө ошол системада иш алып барган.

Түркестан крайындагы башкаруу жөнүндөгү убактылуу эрежелердин негизинде 1867-жылдан тартып иштеп келе жаткан бул түзүлүш, орус калкынын көбөйүшү, аймактын кеңейүүсү жана коомдук башкаруунун аракеттери күчөп бара жаткан Ташкент шаарында канааттандырарлык эмес мүнөздө болгон.

Шаар чарбасынын көптөгөн көрсөткүчтөрү жана чыгымдары шаардын эки бөлүгүнө тең бирдей каралууга тийиш болгондугуна карабай аларды ал, же бул башкармалыкка бөлүүдө эч кандай мүмкүнчүлүктөр болгон эмес. Мисалы, башкы кабыл алуучуга келген сугат шаймандары, жарманкелик тартип сакчыларын кармоо, шаар жолдорун куруу жана сактоо, шаарды жарыктандыруу ж.б.у.с. шаардын орустар жайгашкан бөлүгү сыяктуу эле жергиликтүү калкка дагы бирдей тиешелүү болушу керек эле [3, 88-б.].

1867-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунун курамында Жети-Суу областы түзүлүп, борбору азаркы Казакстан республикасынын аймагында Верный шаары болгон. Аталган областын курамына Кыргызстандын Түндүк тарабы, Пишпек жана Пржевальск областтары кирген [4, 117-б.].

Административдик түзүлүш боюнча мыйзамда так аныкталгандай жана Жети-Суу областынын Талаа Жобосунун негизинде белгиленгендей, шаар чарбасын башкаруу Борбордук Россиянын шаарларынан анча айырмаланган эмес. 1877-жылы Генерал-Адьютант Фон-Кауфман Верный шаарына 1870-жылкы Талаа Жобосун киргизүүгө уруксат берген. Шаардык коомчулуктардын депутаттарынын катышуусунда, губернатор жана областтык башкаруучунун байкоочулугунун астында Жети-Суу областынын калган шаарларында шаар чарбачылыгын башкаруу (Талаа областтарынын Жобосунун 50-беренесинин негизинде) уезддик начальниктерге жүктөлгөн. Ал эми жогору жактын 1894-жылдын, 6-майындагы буйругу менен Жети-Суу областынын шаарларына 1892-жылкы Талаа Жобосу жайылтылган. Верный шаарына бул Жобо толугу менен киргизилип, башка шаарларга 1892-ж. шаардык Жобонун 22-беренесине ылайык жөнөкөйлөтүлгөн [3, 46-б.].

Көчмөн жана жарым көчмөн жашаган кыргыздар үчүн шаар түшүнүгү ал учурда таптакыр болгон эмес. Бир жерге отурукташууну кыргыздар жарым көчмөн жашоо образында элестетип келишкен жана жер иштетип жашаган калктын гана жарым көчмөн жашоодо жашап келишкен. Мындай көрүнүш менен ошол учурдагы шаар деп кабыл алынган калк жыш жайгашкан жерлердин пайда болушу Орто Азияга орус аскерлеринин кирип келүүсү менен тыгыз байланыштуу.

Жергиликтүү шаар бөлүктөрүнүн тышкы көрүнүшү бардык жерде бирдей. Ортосунда ар дайым базар, көчөлөрү толугу менен үстү аптаптан сактоо үчүн камыш менен жабылган анча чоң эмес орундарга толгон. Базардан болсо бардык бардык жакка чоподон курулган бийик дубалдардын ичинен, же короо, же үй көрүнбөгөн, коронун ичинде эмне болуп жаткандыгы билинбеген узун, ийри жана кууш көчөлөр кеткен. Ар бир шаар тоодон түшкөн суулардан канал аркылуу алынып келинген суу менен камсыз болушат. Суу ар бир короого кирип бакчаны, короону, огородду сугаргандан кийин коңшу короого өтөт. Бул көрүнүш менен шаардын бардык жерине суу жеткирилет [4, 93-б.].

Шаардын борборунда жерлер абдан аз болгондуктан чоң баага ээ. Ошондуктан, өсүмдүктөр адаттагыдай эле аз болот. Ал эми ошол учурда колунда бар жергиликтүү байлар жай айларында көчүп келип жашап турушкан жерлерде чоң жемиш бактары сакталып калган. Жергиликтүү областтардагы шаар кыштактары ошол жерде башкы – областтык жана уезддик башкаруу укуктарынан пайдаланышкан. Ошондуктан, бул шаарлардагы шаар чарбасын башкаруу төмөндөгү негизде жүргүзүлгөн:

Генерал-адьютант фон-Кауфман 1877-жылы 30-августта 1870-жылкы шаар Жобосуна крайдын жергиликтүү шарттарын жана шаардын талапьарын эске алып, өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизип, шаардык коомдук башкарууга зарылчылыктарды киргизүүнү моюнуна алган. Бул өзгөрүүлөрдүн натыйжасында Ички Иштер Министрлигинин кароосуна жиберилип жана бекитиле турган шаар чарбасынын көрсөткүчтөрү боюнча сунуштардын чечилиши генерал-губернаторго жиберилген. Шаардык жобонун 112, 127-беренелери шаардык башкаруунун иш-аракеттеринин тартибин жана соода өндүрүштөрүн көзөмөл кылуучу өкүлдөрдү бекитүү боюнча кабыл алынды. Казынаны сактоо боюнча төлөм тартиптерин жана өлчөмүн бирдей деңгээлде аныктоо боюнча, шаардык эсеп-кысап жана чыгымдар боюнча, жергиликтүү палатадан алынган жыйынтыктар генерал-губернатордун бийлигине жиберилген [5, 125-б.].

Жогорудагы келтирилген жыйынтыкты Туркестан крайын текшерүүгө алган кеңешчи Гирс "Ташкент шаарына шаардык Жобону кабыл алууда башкаруучунун алты жылдык убактысы бул кабыл алуунун

алсыз жагын көрсөтөөрүн, андан соң эмне себептен шаардын калкынын жергиликтүү бөлүгүнүн өкүлдөрү менен бирге өзгөчө комиссия түзүү керектигин жана ал комиссия иштеп чыккан долбоорду андан ары бекитүүгө жөнөтүш керек экендигин айтат. Муну менен бирге Гирс төмөндөгүдөй деп эсептеген" [5, 146-б.]:

1. Шаарларды жаңылоодо жана шаар чарбасын башкарууда областтык жалпы башкаруунун жана аскер-губернаторлорунун байкоосунун алдында уезддик начальниктерге жоопкерчиликти жүктөө керек.
2. Крайдын начальнигинин уруксаты менен аскер-губернаторуна 2109 т. II бөлүк, Ісв. Зак. 1876-жылкы басылган статьяларына ылайык коомдук башкаруу укугун пайдалуу деп эсептелген шаарларда жөнөкөйлөтүү укугун берүү керек.
3. Шаарларды өнүктүрүүдө 1870-жылкы шаардык Жобону мыйзамдуу түрдө иштешин камсыз кылууну генерал-губернатор аркылуу Ички Иштер Министрине өтүнүч катын жиберүү керек.

Жогорудагы баяндамалар 1886-жылы 12-июнда жогору жактан бекитилген Туркестан крайын башкаруу жөнүндөгү ошол учурдагы Жобону иштеп чыгууга кабыл алынган. Жыйынтыктап айтканда, кыргыздардын тарыхындагы Жети-Суу областынын кыргыздарынын социалдык турмушунун кыргыздардын келечекте кыргыз мамлекетүүлүк денгээлге өсүп чыгышында тийгизген таасири абдан чон. Кыргызстандын Түндүк аймагындагы шаар жана шаар башкармалыгы тууралуу XIX кылымдын аягындагы тарыхый маалыматтар бүгүнкү күндө Кыргызстанды социалдык-экономикалык багыттан тез жана жакшы жакка өзгөрүүсүнө түртку берет, аткени кыргыздар адамзат тарыхындагы бардык тарыхый доорду жашап, дүйнөдө көз карандысыз, эгемендүү мамлекет катары өз ордун таба алды.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхий-маданий байланыштары. - Бишкек, 1999.
2. Байбулатов Б.Б. Социально-экономический строй Киргизии до Великой Октябрьской социалистической революции. - Фрунзе, 1958.
3. Вощинин В. Очерки нового Туркестана Свет и тени русской колонизации. - Санкт-Петербург, 1914.
4. Кирснер А.Л. Семиренческая область. - Ташкент, 1909.
5. Пален К.К. Очет по ревизии Туркестанского края. Городское управление. - Санкт-Петербург, 1910.


**Рецензент: к.и.н., доцент Сатарбаев А.М.**